Кыргыз Республикасы

Бишкек шаарынын

Административдик Сотуна

Баткен облусунун Лейлек районуна

караштуу Кулунду айылынын

О. Эшбаеев көч. №34 үйүнүн тургуну

Орозалиев Шайирбек Нишанбаевичтен

Азыркы дарек Бишкек шаары

Иса Ахунбаев №165, кв 63. 0770555582

Арыз

Менин арыз берүүмдүн себеби, 2023-жылдын 23-июнь күнү Баткен облусунун соту тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 214-беренесинин 1-бөлүгү менен күнөлүү деп табылып, ал боюнча эсептик көрсөткүчтөн 500 өлчөмүндө, т.а. 50 000 (элүү мин) сом айыпка кириптер кылган. Баткен облусунун өкүмүнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын Лейлек районунун аймактык шайлоо комиссиясынын 03.08.2023 жылы сунушу менен, Шайлдабекова Нуржан Кармабековнанын 2023-жылдын 9-август күнү №75 токтому менен жергиликтүү кенештин депутаттык ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечим кабыл алынган.

Мен, Орозалиев Шайирбек Нишанбаевич Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А. Бердиевге 2023-жылдын 7-июль күнү Баткен облустук сотунун өкүмү менен макул эместигимди билдирип, Жогорку сотко кассациялык даттанууга билдирүү бергенмин.

2023-жылы 25-сентябрда жогорку сотто Кылмыш-жаза иши каралып, Баткен облусунун өкүмүн күчүндө калтырды. Жогорку соттун токтомун жана Баткен облусунун өкүмүн аткарууга алып, 2023-жылы 25-сентябрда Мамлекеттин пайдасына 50 000 (элүү мин) сом төлөдүм.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 мыйзамы менен колдонууга киргизилген 214-берененин 1-бөлүгү коркунучтуулугу аз же анча оор эмес кылмыш болуп саналат.

Соттуулук жана аны жоюу. 95-берененин 2-бөлүгүндө коркунучтуулугу аз кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адам өкүм аткарылган учурдан баштап соттуулугу жок деп таанылат.

Мен сизден суранарым, Кыргыз Республикасынын башкы шайлоо комиссясынын төрагасы Шайлдабекова Нуржан Кармабековнанын 2023-жылдын 9-августта чыгарган №75 токтомун жокко чыгарып берүүнүздү суранам.

Арыз ээси Ш. Н. Орозалиев